- Коллективүү келишимин;
- кызматкерлер үчүн ички тартип эрежелерин
- Мектептин Директорунун буйруктарын жана тескемелерин;
- келишимдерди;
- Жоболорду;
- Инструкцияларды (анын ичинде кызматкерлердин инструкциясын)
- Эрежелерди.

9.11. Мектептин жергиликтүү актылары ушул Уставка карама-каршы болушу мүмкүн эмес. Жергиликтүү актылардын колдонулуп жаткан мыйзамга же Уставка карама-каршылыктары табылган болсо, мектептин директору толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгарууга милдеттүү.

## X. Каржылыктын булактары жана каражаттарды колдонуу тартиби

10.1. Жалпы билим берүү мекемесинин каржылык каражаттарынын негизги булактары болуп:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
- ишканалар, уюмдар, коомдук фонддор, коомдук бирикмелер, юридикалык жактар жана жеке адамдардын бекер берген каражаттары, ыктыярдуу тартуулар, демөөрчүлүк жардам көрсөтүү жана атайын фондтор;
- буюмдарды жана кызматтарды сатуудан, ошондой эле уруксат берилген өз алдынча иштин башка түрлөрүнөн алынган киреше;
- окуучуларга кошумча кызматтар үчүн ата-энелерден (аларды алмаштырган адамдардан), кабыл алынган кирешелер;
- чет элдик уюмдардан тартылган гранттар;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка булактар эсептелинет.

10.2. Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен жалпы билим берүү мекемелерди каржылоо ченемдик каржылоонун механизми боюнча жүзөгө ашырылат.
10.3. Жалпы билим берүү мекемеси өзүндө болгон каржы каражаттарды өз алдынча башкарат.Жалпы билим берүү мекемеси кызматкерлердин эмгек акысын (айлык) бекитип, эмгек акыны төлөөгө багытталган, Каражаттар чегинде, үстөк, кошумча төлөмдөрдүн жана башка өбөлгөлөө мүнөздөгү төлөмдөрдүн түрлөрүн жана өлчөмүн аныктайт.

## XI. Кызмат адамдардын жоопкерчилиги

11.1.Кызмат адамдары ушул Устав боюнча милдеттери аткарбагандыгынан же тийиштүү түрдө аткарбагандыгынан улам, мекемеге зыян келтирилгенде, Уюштуруучулар ар бир кызмат адамдан зыянды ордун толтуруу жөнүндө доо кылууга укуктуу.
11.2. Кызмат адамдарды кайра чакыртып алуу учурлары:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана ушул Уставын системалуу түрдө бузуу;
- түздөн-түз кызмат милдеттерин аткарбоо.

## XII. Уставга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби

12.1.Жалпы билим берүү мекеменин Уставына өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизүүсү, жана ошондой эле Уставдын жаңы редакциясын бекитүү Жалпы билим берүү мекеменин уюштуруучуларынын чечиминин негизинде ишке ашат. Эгерде ушул Уставдын бир жобо жараксыз болуп калса, анда бул калган жоболордун токтошунун себеби болушу мүмкүн эмес. Жараксыз болуп калган жоболор, жаңы чечим